11.35 Пайдубалдарды куруу үчүн тосулган котлованлар төмөндөгү эрежелерди сактоо менен аткарылышы керек:

а) котлованды кургатуу мүмкүн болбогон учурда (ростверкаларды орнотуу боюнча иштерди жүргүзүү үчүн) топуракты долбоордук белгилерге чейин иштетүүнү суу алдындагы ыкма менен (эрлифттер, гидроэлеваторлор, грейферлер) жүргүзүү керек. Суу чуңкурдун түбүнө ылдый жактан кирбеши үчүн, бетондолгон таңуучу катмарды ВЖТ ыкмасы менен төшөө керек. Астынан суунун басымына эсептөө менен аныкталган бетондун катмарынын калыңдыгы 1 метрден кем эмес

жана 1,5 метрден кем эмес, суу алдындагы иштетүүдө котлованды кыртыш түбүнүн текши эместиги болсо 0,5 метрден көп эмес болушу керек;

б) котлованды тосмолорунун үстүн толкундун жана өйдө көтөрүүнүн бийиктигин эске алуу менен суунун жумушчу деңгээлинен 0,7 метрден кем эмес же муздун деңгээлинен 0,3 м жогору жайгаштыруу зарыл. ЖАД суунун (муздун) жумушчу деңгээли катары иштин бул түрүн аткаруу мезгилинде мүмкүн болгон эң жогорку суунун (муздун) сезондук деңгээлин кабыл алуу керек, ал 10% дан ашуунун эсептик ыктымалдуулугуна туура келет. Мында шамалдын же муздун тыгынынын таасиринен мүмкүн болгон ашып кетүү деңгээли да эске алынууга тийиш. Агымы жөнгө салынуучу дарыяларда жумушчу деңгээл агымды жөнгө салуучу уюмдардын маалыматтарынын негизинде дайындалат;

в) котлованды тосмосунан сууну сорударууга жана ростверканы тургузуу боюнча иштерге бетон ЖД көрсөтүлгөн бекемдиктин тампонаждык катмарын алгандан кийин, бирок 2,5 МПа кем эмес жүргүзүүгө жол берилет.

11.36 Чопо топурак салынган негиздин ьети калыңдыгы 5тен 10 см чейинки кумдан (чаңдан башка) үйүп коюу менен тегизделиши керек. Крандар жана башка механизмдер базанын даярдалган жерлеринин сыртына коюлушу керек.

11.37 Монолиттүү пайдубалдарды курууда арык бетондон даярдык көрүү керек, ал гидроизоляциянын астына тегиздемени коюу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат жана бетондолуучу пайдубалдын бетон аралашмасынан эритменин чыгып кетишине жол бербейт.

11.38 Пайдубалды түптөөнүн тереңдиги өзгөрүлмө болгондо, анын курулушу базанын төмөнкү белгилеринен башталат. Андан кийин жогоруда жайгашкан жерлер даярдалат жана пайдубал блоктору пайдубалдын астындагы аймактардын же блоктордун синус толтуруусун алдын ала тыгыздоо менен негизге коюлат.

11.39 Даярдалган негизди пайдубалдарды орнотуу боюнча иштер башталганга чейин кабыл алууда котлованды жайгашуусунун, өлчөмдөрүнүн, түбүнүн белгилеринин, иш жүзүндөгү төшөлүшүнүн жана топурактын касиеттеринин РД көрсөтүлгөндөрүнө ылайык келүүсү, ошондой эле пайдубалдарды долбоордук же өзгөртүлгөн белгиге коюу мүмкүндүгү аныкталууга тийиш.Долбоордук маалыматтарга ылайык негиздин топурактарынын табигый касиеттеринин же аларды тыгыздоо сапатынын бузулушунун жоктугун текшерүү зарыл болгон учурда лабораториялык сыноолор үчүн үлгүлөрдү алуу, зонддоо, пенетрация ж.б. менен коштолууга тийиш.

Долбоордук маалыматтардан чоң четтөөлөр болгондо, мындан тышкары, топурактарды штамптар менен сыноо жана РД өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алынышы керек.

11.40 Топуректын табигый катмарында же кыртыш жаздыктарында аткарылган тыгыздоонун бирдейлигин жана жетиштүүлүгүн текшерүүнү талаа методдору (зонддоо, радиоизотоптук методдор ж.б.) жана топуректын ар бир тыгыздалган катмарынан алынган үлгүлөр боюнча кургак топуректын тыгыздыгын тандап аныктоо менен жүргүзүү керек.

11.41 Эгерде жер кыртышынын иш жүзүндөгү жана долбоордук мүнөздөмөлөрүнүн ортосунда олуттуу айырмачылыктар аныкталса, ЖД кайра карап чыгуу жана андан аркы иштерди жүргүзүү жөнүндө чечим долбоордук уюмдун жана тапшырыксынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен кабыл алынышы керек.

11.42 Пайдубалдарды жана жер астындагы курулмаларды курууда алардын түптөлүшүнүн тереңдигин, өлчөмүн жана планда жайгашуусун, тешиктердин жана оюктардын түзүлүшүн, гидроизоляциянын аткарылышын жана колдонулган материалдар менен конструкциялардын сапатын контролдоо зарыл. Негизди жана гидроизоляцияны түзүүгө (даярдоого) жашыруун жумуштарды күбөлөндүрүү актылары түзүлүшү керек.

11.43 Котлованды ачууда контролдоонун төмөнкү түрлөрү колдонулат:

- зарыл болгон топурак жетишпестиктерин сактоо, чектен чыгууга жол бербөө жана жер кыртышынын түзүлүшүнүн бузулушуна жол бербөө;

- жараксыздарды кесүүдө, негиздерди даярдоодо жана конструкцияларды төшөөдө кыртыштын структурасын бузууга жол бербөө;

- негиздердин үстүнкү катмарларын жумшартуу жана жууп-тазалоо менен жер астындагы жана жер үстүндөгү суулардын куюлушунан негиздердин топурактарын сактоо;

- негиздин ачылган топурактарынын мүнөздөмөлөрүнүн ЖД каралгандарга ылайык келиши;

- топурак жаздыктарын жетиштүү жана бирдей тыгыздоого үчүн жетишүү, ошондой эле кайра толтуруу жана полго даярдоо;

- негиздин кыртышын үшүктөн коргоо боюнча көрүлгөн чаралардын жетиштүүлүгү;

- конструкциялардын иш жүзүндөгү тереңдигинин жана өлчөмдөрүнүн жана колдонулган материалдардын сапатынын ЖД каралгандарга ылайык келиши.

12 Жер түркүк пайдубалдар, кыржылга тосмолор, анкерлер, аштооч мыктар

12.1 Кысып чыгаруучу жер түркүктөр, жер түркүк-кабыкча, заводдо жасалган шпунт жана шыкалган кысып чыгаруучу жер түркүктөр

12.1.1 Алдын ала жасалган жер түркүктөрдү жерге батыруунун кысып чыгаруу ыкмасы: кагып киргизүү, вибробатыруу, басып киргизүү жана бурап киргизүү. Долбоордук уюм менен макулдашуу боюнча батырып киргизүүнү жеңилдетүү үчүн кошумча пайдаланылуучу каражаттар: лидерлик бургулоо, көңдөй жер түркүктөрдөн жана жер-түркүк-кабыкчалардан алып салуу ж.б.

Жер түркүк пайдубал жана шпунт тосмо иштерине даярдануууда төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- жер астындагы курулмалардын, электр кабелдеринин, электр берүү линияларынын, имараттардын жана курулмалардын иштөө өндүрүшүнүн таасир этүү зонасында жайгашкандыгы жөнүндө маалыматтар, ошондой эле аларды коргоо боюнча иш-чаралар;

- зарыл болгон учурда курулуш аянтынын инженердик-геологиялык шарттарына жана колдонулуучу жабдуулардын тибине жараша казуучу жана бургулоочу жабдуулар үчүн негизди даярдоо.

Э с к е р т үү – Акваториянын чектеринде толкунданганда 1 баллдан көп эмес, эгерде сүзүүчү крандар жана копралар 500 тоннадан көп эмес жылышканда 2 баллдан көп эмес, ал эми өзү көтөрүүчү платформалар толкунданганда 4 баллдан көп эмес иштерди жүргүзүүгө жол берилет.

12.1.2 Имараттардын жана курулмалардын жанында жер түркүктөрдү жана шпунттарды вибробатыруу үчүн колдонууда термелүүлөрдүн негиздердин кыртышынын деформациясына, технологиялык приборлорго жана жабдууларга тийгизген таасирине жараша алар үчүн динамикалык таасирлердин коркунучун баалоо зарыл.

Э с к е р т үү – Жер түркүктү массасы 7 тоннадан ашпаган балка менен 20 метрден ашык аралыкка кагып киргизүүдө имараттарга жана курулмаларга чейин жер түркүктүн вибробатып кирүүсү 25 м жана шпунттун вибробатып кирүүсү 15м болгон учурда, дээрлик горизонталдуу (0,2ден ашпаган эңкейиш) кум катмарларынан турган негиздердин деформациясына динамикалык таасирлердин таасирин баалабай коюуга болот.

Жер түркүктү жана шпунтту имараттарга жана курулмаларга азыраак аралыкта батыруу зарыл болгон учурда, динамикалык таасирлердин деңгээлин жана үзгүлтүксүз узактыгын азайтуу боюнча чаралар көрүлүшү керек (үймөктөрдү алдыңкы скважиналарга батыруу, балканы көтөрүү бийиктигин азайтуу, жакынкы жана андан алысыраактарды кезектешип кагып киргизүү)

12.1.3 Ички басымы 2 МПа ашпаган жер астындагы болот өткөргүч түтүктөргө чейин 5 м кем эмес аралыкта, 1 м тил жана диаметри 0,6 м - 10 м

ашпаган көңдөй тегерек жер түпкүктөрдү кагып киргизүүгө жана вибробатырууга жол берилбейт.

Ички басымы 2 МПадан жогору болгон жер астындагы өткөргүч түтүктөрдүн жанына жер түркүктөрдү жана шпунттарды кичине аралыкта же андан чоң кесилиште батырууну изилдөөнүн маалыматтарын эске алуу менен жана ЖД тиешелүү негиздеме менен гана жүргүзүүгө болот.

12.1.4 Жертүркүктөрдү жана шпунтту батырууну жеңилдетүүчү кошумча чараларды (жууп-тазалоо, лидердик скважиналар ж.б.) 0,2 см кем куюлуучу элементтер иштебей калышы мүмкүн болгон учурда же 5 см/мүнөттөн кем вибробатырууга ылдамдыгы болгон учурда долбоордук уюм менен макулдашуу боюнча колдонуу керек.

12.1.5 Жер түркүктөрдү батырууну жеңилдетүү үчүн жуугучун колдонуудагы имараттардан жана курулмалардан 20 метрден кем эмес жана жер түркүктөрдү батыруунун тереңдигинен эки эседен кем эмес алыстыктагы участоктордо колдонууга жол берилет. Батыруу бүткөндөн кийин чайкоону токтотуу керек, андан кийин жууну колдонбостон эсептик баш тартуу алынганга чейин жер түркүктү балка же вибробатыргыч менен кагуу керек.

12.1.6 Жер түркүктү батыруу үчүн дизелдик жана буу аба балкаларын, ошондой эле гидробалка, вибробатыруу жана басып киргизүү орнотмолору. Жер түркүк элементтерди басыруу үчүн жабдууларды тандоо Д жана Е тиркемелерине ылайык, ЖД каралган көтөргүч жөндөмдүлүгүн жана берилген долбоордук белгилерге жер түркүктү жана жер түркүк-кабыктарды топуракка көмүү, ал эми шпунту топуракка көмүүнү камсыз кылуу зарыл.

Учурдагы курулуштун сакталышы КЧжЭ 2.02.03 7.6-бөлүмчөсүнүн талаптарын эске алуу менен камсыз кылынышы керек.

Авариялык имараттар үчүн долбоордук документтерде алардын сакталышын камсыз кылуу үчүн иш-чаралар иштелип чыгууга тийиш.

12.1.7 Батырылуучу жер түркүк-кабыкчаларды өстүрүү үчүн пайдаланылуучу курамдуу жер түркүктүн секциялары курулуш аянтчасында бириктирилишин жана кошулмаларынын камтылган деталдарынын ЖД ылайык келишин текшерүү үчүн контролдук бириктирилүүгө тийиш (белгиленген жол берилген чектерде) жана аларды батырылуучу жерге туура тийиштирүү (бириктирүү) үчүн өчпөс боек менен маркалануу жана белгиленүүгө тийиш.

12.1.8 Жер түркүктөрдү кагып киргизүү боюнча өндүрүштүн башталышында курулуш аянтчасынын ар кайсы чекиттеринде жайгашкан 5тен 20га чейин сынамык жер түркүктөрдү (саны ЖД белгиленген) балка менен кагуу керек, ар бир батып кирүү метрине соккулардын санын жазуу менен, алардын бузулуу

жөндөмдүүлүгү көзөмөлдөнүүгө тийиш. Өлчөөлөрдүн жыйынтыгы иштердин журналында жазылууга тийиш.

12.1.9 Жер түркүктөрдү батырып киргизүүнүн аягында иш жүзүндө бузулуу мааниси эсептелген мааниге жакын болгондо өлчөнөт. Кагып киргизүүнүн аягында же бүтүрүү учурунда жер түркүктөрдүн бузулушу 0,1 см ашпаган тактык менен өлчөнөт.

Жер түркүктөрдү бир аракеттүү буу аба балкалары, ошондой эле гидравликалык балка же дизелдик балка менен кагып киргизүүдө, акыркы күрөө 30 соккуга барабар кабыл алынышы керек, ал эми баш тартуу күрөөдөгү акыркы 10 соккунун орточо мааниси катары аныкталат. Жер түркүктү кош аракет балка менен кагып киргизүүдө, акыркы күрөөнүн узактыгы 3 мүнөткө барабар болушу керек, ал эми баш тартуу күрөөнүн акыркы мүнөтүндө бир соккудан жер түркүктүн тереңдигинин орточо мааниси катары аныкталышы керек. Жер түркүктү басканда, ар бир 10 см акыркы 50 см батып кетүү күчүн каттайт.

12.1.10 Жер түркүктү же жер түркүк-кабыкчаны вибробатырууда акыркы күрөөнүн узактыгы 3 мүнөткө барабар деп кабыл алынат. Күрөөдө акыркы мүнөттүн ичинде вибробатырууда керектелген кубаттуулугун, батып кетүү ылдамдыгын 1 см/мүн ашык эмес тактык менен жана жер түркүктүн же жер түркүк-кабыкчанын термелүүсүнүн амплитудасын алардын көтөрүү жөндөмдүүлүгүн аныктоо мүмкүнчүлүгү үчүн 0,1 см ашык эмес тактык менен өлчөө зарыл.

12.1.11 Эсептөө маанисинен ашкан бузулуулары бар жер түркүктөр МАМСТ 5686 боюнча жерге «тынч алгандан» кийин контролдук бүтүрүүдөн өтүшү керек. Контролдук бүтүрүү учурундагы бузулуу эсептелгенден ашып кеткен учурда долбоорлоочу уюм статикалык жүк менен жер түркүктү контролдук сыноонун жана РДны тууралоонун зарылдыгын белгилеши керек.

12.1.12 Узундугу 10м ашапаган, долбоордук тереңдикке 15% көп эмес бытып кетпеген жер түркүктөр, долбоордук тереңдикке 10% көп эмес бытып кетпеген узун жер түркүктөр, ал эми ал эми көпүрөлөр жана транспорттук гидротехникалык курулмалар үчүн ошондой эле долбоордук деңгээлге чейин 25 см көп батып кетпеген жана жер түркүктүн узундугу 10 м узун болгон учурда 50 см көп батып кетпеген, бирок эсептешүүгө барабар же андан аз баш тарткан жер түркүктөр батып кетүүнү кыйындаткан себептерди аныктоо үчүн изилдениши керек жана учурдагы жер түркүктөрдү же кошумча батып киргизүүнү колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө чечим кабыл алынууга тийиш.

12.1.13 Темир-бетон жер түркүк-кабыкчаларды жана төмөнкү көңдөй тегерек жер түркүктөрдү вибробатырууда алардын темир-бетон дубалдарын сууга же суюлтулган топуракка вибробатырууда жер түркүк элементтеринин көңдөйүндө пайда болгон гидродинамикалык басымдын таасиринен узунунан кеткен

жаракалардын пайда болушунан коргоо чаралары көрүлүүгө тийиш. Жаракалардын пайда болуусун алдын алуу боюнча иш-чаралар ЖАД иштелип чыгып, биринчи жер түркүк-кабыкчаларды батыруу мезгилинде текшерилиши керек.

12.1.14 Жер түркүктү батырып киргизүүнүн акыркы этабында жер түркүктүн көңдөйүндө топурактын тыгыздалышын болтурбоо максатында бийиктиги ЖД ылайык, бирок гидромеханизация колдонулган учурда кабыкчантын бычагынын түбүнөн 2 метрден кем эмес жана топуракты кетирүүнүн механикалык ыкмасын колдонууда 0,5 метрден кем эмес топурак ядросун калтыруу керек.

12.1.15 Батырып киргизүүдөн мурун болот шпунтту эки метрлик шаблон аркылуу стендге тартуу менен кулпу көңдөйлөрүнүн түздүгүн жана тазалыгын текшерүү керек.

Кулпулар жана шпунттун кыры аркан менен көтөрүлгөндө жыгач төшөлмөлөр менен корголушу керек.

12.1.16 План боюнча жабык конструкцияларды же тосмолорду орнотууда шпунтту батыруу, эреже катары, ал алдын ала чогултулгандан жана толук жабылгандан кийин жүргүзүлүшү керек.

12.1.17 Шпунтту алуу маалыматтарда же ушул сыяктуу шарттарда шпунтту сынамык алууда аныкталган күчтөн 1,5 эсе көп тартуу күчүн иштеп чыгууга жөндөмдүү механикалык түзүлүштөр тарабынан жасалышы керек.

Шпунтту алууда аларды көтөрүүнүн ылдамдыгы кумда 3 м/мүнөттөн жана чопо топуракта 1 м/мүнөттөн ашпоого тийиш.

12.1.18 Болот шпунтту батырууга жол берилген терс температуранын чегин болоттун маркасына, батыруу ыкмасына жана топурактын касиеттерине жараша долбоорлоо уюму белгилейт.

12.1.19 Толтурулган кысып чыгаруучу жер түркүктөрдү жайгаштыруу жоголгон учу же балка менен согуу менен алынып салынган тыгыздалган бетон тыгыны бар бойлотулган болот түтүктөрдү топуракка батыруу жолу менен ишке ашырылышы керек. Көрсөтүлгөн түтүктөрдү батырууга урма, вибрациялык же буроочу иш-аракеттердин батыру механизмдери менен жабдылган адистештирилген станоктор менен жол берилет. Бетондогондон кийин түтүктөр алынат.

Толтуруучу кысып чыгаруучуу жер түркүктөрдү орнотуу боюнча жумуштарды өндүрүү жана кабыл алуу ушул бөлүкчөнүн талаптарын жана мында колдонулуучу адистештирилген жабдуулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иштелип чыккан ЖАД негизинде ишке ашырылууга тийиш.

12.1.20 Учурдагы имараттарга, курулмаларга жана инженердик коммуникацияларга (анын ичинде курулуп жаткандарга) түздөн-түз жакын жерде

котловандардын тосмолорунун элементтерин (шпунттарды, түтүктөрдү ж.б.) алууга алардын сакталышын камсыз кылган шартта гана жол берилет. Тосмолорду алгач курулуш-монтаждоо иштерин аткаруунун технологиялык таасиринин параметрлерин контролдоо менен учурдагы курулуштан кыйла алыс болгон сыноо участокторунда алуу каралышы керек.

12.1.21 Имараттардан, курулмалардан жана инженердик коммуникациялардан (анын ичинде курулуп жаткандардан) 5 метрден аз аралыкта жайгашкан тосмонун шпунтун жана түтүктөрүн алуу сунушталбайт. Көрсөтүлгөн жумуштарды аткаруу зарыл болгон учурда, иштеп жаткан курулмалардын нормативден ашыкча деформациялануу мүмкүндүгүн жокко чыгаруучу иш-чараларды көрсөтүү менен иштин бул түрлөрүнө технологиялык регламент болгондо алып салууну аткаруу керек. Көрсөтүлгөн иштер автордук жана техникалык көзөмөлдүн контролу астында аткарылышы керек, зарыл болгон учурда профилдик уюмдун илимий-техникалык коштоосун тартууну караштыруу керек. Тосмолорду алуу процессинде бул курулмалардын деформацияларына геотехникалык мониторинг жүргүзүү каралышы керек.

12.1.22 Металл таяныч курулмалардын элементтерин батырып киргизүүдө алардын курамдык бөлүктөрүн бириктирүүнү түздөн-түз курулуш аянтында аткарууга жол берилет. Бириктирүү биринчи кезекте иштелип чыккан долбоорго ылайык металл коймолорду колдонуу менен ширетүү жолу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Эгерде технологиялык регламенттерде башкасы негизделбесе, ар бир батырып киргизилүүчү элементте экиден ашык эмес бириктирүү каралышы керек.

12.1.23 Тирөөч курулманын жүк көтөрүүчү элементтерин бириктирүү катарлаш аткарылууга тийиш. Кошуна элементтер боюнча бириктирүүлөр бийиктиги боюнча ажыратылышы керек.

12.1.24 Жыгач тосмо котлована казылганда ырааттуу орнотулат. Жасалган тосмодон 1 метрден төмөн котлованды казууга жол берилбейт. Жумуштун жүрүшүндө түтүк аралык мейкиндиктен топурактын төгүлүшүн алып салуу керек. Зарыл болгон учурда иштин жүрүшүндө пайда болгон боштуктарга топурак салуу же цемент-кум эритмеси менен төгүү каралышы керек.

12.2 Бургулоо жана бургулоочу-толтуруучу жер түркүктөр

12.2.1 Скважиналарды орнотуу иштери бургулоочу-толтуруучу жер түркүктөрдүн окторунун пландаштырылган абалын жана пландаштырылган аймактын белгилерин инструменталдык текшерүүдөн кийин башталышы керек.

Жер түркүктөрдү массалык түрдө чыгарууга чейин, алардын жер түркүктөрүнүн технологиясы тажрыйба участогунда иштелип чыгышы керек. Жакын жайгашкан курулмаларга технологиялык таасир этүү мүмкүндүгүн аныктоо үчүн тажрыйбалык участок геотехникалык мониторинг тутуму менен жабдылат.

Бургулоочу жана бургулоочу-толтуруучу жер түркүктөрдү орнотуу грейфер, сокку уруучу, ротордук, сузгуч же шнек тибиндеги универсалдуу агрегаттарды колдонуу менен аткарылышы керек, алар скважинаны бургулоодон тышкары күчөтүлгөн каркастарды орнотууну жана бетондоону, ошондой эле корпустарды алууну жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Жер түркүктүн салынышынын тереңдигинин чегинде жер астындагы суулар жок болгон учурда аларды орнотуу кургак скважиналарда алардын капталдарын бекитпестен, сууга каныккан топурактарда - капталдарын алынуучу кийгизме түтүктөр, чопо (бентонит) же полимер эритмелери менен бекитүү менен, ал эми кээ бир учурларда суунун ашыкча басымы астында ишке ашырылышы мүмкүн.

12.2.1а Бойлото коюлган түтүктөрдү батырып киргизүү вибратордун же кирип чыгууну камсыздоочу жабдуулар менен аткарылышы керек. Бойлото коюлган түтүктөр биринчи бойлото коюлган түтүктүн фланецине орнотулган кесүүчү учу менен жабдылышы керек.

Кумдарды, кесек топурактарды жана ийилгиччопо топурактарды өткөрүү үчүн кадимки кесүүчү учту, катуу чопо жана таштак топурактарды өткөрүү үчүн күчөтүлгөн кесүүчү учту колдонуу керек.

12.2.2 Кумдарда жана сууланган топурактарда скважинаны алдыңкы бет менен бургулоого жол берилбейт.

12.2.3 Бургулануучу скважиналардын дубалдарын бекитүү үчүн колдонулуучу чопо (бентонит) эритмелери 14-бөлүмдө белгиленген талаптарга жооп бериши керек.

12.2.4 Скважинадагы чопо (бентонит) эритменин деңгээли аны бургулоо, тазалоо жана бетондоо процессинде басымдуу жер астындагы суулардын (же акваториядагы суунун горизонтунун) белгиленген деңгээлинен 3,0 метрден кем эмес жогору болууга тийиш.

Бургулоодо бургулоо шайманынын көтөрүү ылдамдыгы скважинанын тегерегиндеги жердин суффозиясы менен коштолгон поршендик эффекттин пайда болушуна жол бербөө үчүн чектелиши керек.

12.2.4а Бойлото коюлган түтүктүн ичиндеги топурак бойлото коюлган түтүктүн эки диаметринен кем эмес, бирок 1 метрден кем эмес бийиктикте диспердик топурактар үчүн топурак тыгынына орун калтыруу менен

казылат.Топурак тыгынынын чоңдугу тажрыйбалуу жер түркүктү орнотуунун жыйынтыгы боюнча такталышы керек.

12.2.5 Бургулоо аяктагандан кийин ЖД скважиналардын иш жүзүндөгү өлчөмдөрүнүн, алардын оозунун белгилеринин, батырып киргизилишинин жана ар бир скважинанын планда жайгашуусунун шайкештигин текшерүү, ошондой эле инженердик-геологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарына негиздин топурагынын тибинин шайкештигин аныктоо керек (зарыл болсо геологду тартуу менен). Эгерде бургулоо процессинде кездешкен тоскоолдуктарды жеңүү мүмкүн болбосо, пайдубалды долбоорлогон уюм үйүлгөн түзүлүш үчүн скважиналарды колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө чечим кабыл алышы керек.

12.2.6 Бургулоочу-толтуруучу жер түркүктөрдү орнотууда скважинанын бети жумшартылган топурактан кылдат тазаланышы керек же скважинада суу жок болсо, бурмалап тыгыздалышы керек.

Сууга каныккан топурактарды тыгыздоону скважинага трамбовка салуу жолу менен жүргүзүү керек (диаметри 1 м жана андан көп болсо - массасы 5 т кем эмес, скважинанын диаметри 1 м - 3 т аз болсо). Скважинанын бетинин топурагын тыгыздоо вибрациялык штамптоо ыкмасы менен, анын ичинде катуу материалдарды (шагыл, катуу бетон аралашмасы ж.б.) кошуу менен да аткарылышы мүмкүн. Скважинанын бетиндеги топуракты трамбирлөө 2 см ашпаган «бузулуу» өлчөмүнө чейин жүргүзүлүшү керек.

12.2.7 Бетондоонун алдында жана арматуралык каркасты орноткондон кийин скважинанын бетинде борпоң топурак, тоо тектеринин сыныктары, төгүндүлөр, суу жана шлам жок экендигине скважинаны кайрадан күбөлөндүрүү жүргүзүлүшү керек. Бетон аралашмасы суу алдында төшөлөөр алдында, таштак жерге бургуланган ар бир скважинага, бургулоонун шламын бетондун бетинен жууп салуу керек. Жуу үчүн 0,8 ден 1 МПа чейин, агымы 150дөн 300 м $м^3$/саатка чейин ашыкча басымдагы суу менен камсыз кылуу керек. Жуу 5тен 15 мүнөткө чейин ылай калдыктары жоголгонго чейин уланышы керек (муну бойлото коюлган түтүктүн же келте түтүктүн четинен ашып кеткен суунун түсү көрсөтүшү керек). Бетонолиттик түтүктөгү бетон аралашмасы кыймылдай баштаганда гана жууп салуу керек.

12.2.7а Каркасты орнотуудан мурун скважинанын бетинен шламды тазалоо керек. Бентонит эритмесин колдонууда аны жаңы даярдалганга алмаштыруу керек. Полимер эритмесин колдонууда казмалыкты тазалоодо эритменин уюп калышына жол бербей, акырын тазалоо керек. Траншеянын түбүн шламдан тазалоо үчүн суу астындагы насостор, лифт орнотмолору колдонулат.

12.2.8 Инвентардык болот түтүктөр же темир-бетон кабыкчалар менен капталган кумдардагы кургак скважиналар, ошондой эле жер астындагы

суулардын деңгээлинен жогору жайгашкан жана кумдардын жана кумдуу чополордун катмарлары жана линзалары жок саздак жана чопо пласттарда бургуланган сугарылбаган скважиналар суу жок болгон учурда бетон аралашмасын 6 метрден ашпаган бийиктиктен эркин төгүү ыкмасы менен бетондолгон түтүктөрдү колдонбостон бетондоого уруксат берилет. Көрсөтүлгөн шарттарда атайын тандалган курамы жана кыймылдуулугу менен аралашманы колдонуу менен бул ыкманы тажрыйбалык текшерүүдө оң натыйжалар алынган шартта, бетон аралашмасын 20 метрден ашпаган бийиктиктен эркин төгүү ыкмасы менен төшөөгө жол берилет. Эркин таштоодо бетонду келте түтүк менен воронка аркылуу берүүгө уруксат берилет.

Суу, чопо же полимер эритмелери менен толтурулган скважиналарга бетон аралашмасын бетон эритмеси менен аралаштырбоо үчүн бункер жана тыгын менен жабдылган ВЖТ ыкмасы менен төшөө керек. Башында түтүк кудуктун бетине чейин жетиши керек. Андан кийин ал анын диаметринен кем эмес өлчөмдө көтөрүлүп, скважина толтурулат. Бетондоо процессинде кудуктагы бетон аралашмасынын деңгээлин бардык этаптарда көзөмөлдөө жана бетон аралашмасына бетон куюучу түтүктү 1,5 метрден кем эмес көмүү зарыл.

12.2.9 Сууланган кумдуу топурактарда, ошондой эле чөккөн жана башка туруксуз топурактарда жер түркүктөрдү бетондоо бургулоо аяктагандан кийин 8 сааттан кечиктирилбестен, ал эми туруктуу топурактарда - 24 сааттан кечиктирилбестен жүргүзүлүшү керек. Көрсөтүлгөн мөөнөттө бетондоо мүмкүн болбогон учурда скважиналарды бургулоону баштоого болбойт, ал эми башталган скважиналарды бургулоону аларды 1-2 метрге долбоордук деңгээлге жеткирбей жана кеңейтүүлөрдү бургулабай токтотуу керек. Жер түркүктөрдү бетондоону аянтчада 15% ашпаган запас менен толтуруу үчүн зарыл болгон бетондун көлөмү болгондо гана баштоого жол берилет.

12.2.10 Төшөлүп жаткан бетон аралашмасы тарабынан жана бетон куюу же каптоочу түтүктү алуу процессинде арматура каркас жагынан көтөрүлүүнү жана жылышууну болтурбоо үчүн каркас долбоордук абалда бекитилиши керек. Каркастын жүк арткан арканы анын вертикалдуу абалын камсыз кылууга тийиш.

12.2.10а Бетондоодо бетон куюучу түтүк дайыма бетон аралашмасы менен толтурулушу керек. 60 мүнөттөн ашык бетондолгон тыныгууларга жол берилбейт. Бетонолит түтүгүн демонтаждоодон келип чыккан технологиялык тыныгуу 30 мүнөттөн ашпоого тийиш.Көрсөтүлгөн технологиялык талаптарды камсыз кылуу үчүн бетон аралашмасынын долбоордук иштөө жөндөмдүүлүгүнүн сакталышы бетондоо учурунда сырткы абанын бардык температурасында 2 сааттан кем болбошу керек.

12.2.10б Ар кандай себептерден улам жер түркүк өзөгүндө муздак тигиш пайда болгон учурда, аны колдонуу мүмкүнчүлүктөрү долбоордук уюм тарабынан ультраүн дефектоскопиясынын сыноосунун жыйынтыгы жана өзөктү тандоо жолу менен чечилет.

12.2.10в Көтөрүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн каптал бетиндеги жер түркүктөр цемент эритмеси менен прессте лет. Престөө үчүн жер түркүктүн каркасы менен бирге орнотулган алынбаган түтүктөр гана колдонулат.

12.2.10г Жер түркүктүн каптал бети боюнча кысуу манжет технологиясы боюнча жаңы салынган бетондун же эритменин, ошондой эле катуу топурактын гидравликалык жарылуу басымынан ашкан басымдан жогору басым менен интервал менен аткарылышы керек.

12.2.11 Камуфлет заряды жарылганга чейин салынган аралашманын көлөмү камуфлет көңдөйүнүн жана жер түркүктүн көбүк түтүгүнүн көлөмүн 2 м кем эмес бийиктикке толтуруу үчүн жетиштүү болушу керек. Камуфлет кеңейтүүсүн орнотуу процессинде ар бир жер түркүктүн түшүрүлгөн жарылуучу заттын зарядынын (ЖЗ) белгилерин жана жарылууга чейин жана андан кийин түтүктөгү бетон аралашмасынын бетинин белгилерин көзөмөлдөө зарыл.

12.3 Бургулоочу инъекциялык жер түркүктөр

12.3.1 Туруксуз сууланган топурактарда бургулоочу инъекциялык жер түркүктөрдү орнотууда скважинаны бургулоо скважинанын дубалдарынын туруктуулугун камсыз кылуучу ыкма жана чопо (бентонит) эритмеси менен скважиналарды жууп жүзөгө ашырылышы керек.

Чопо эритмесинин параметрлери 14-бөлүмдө баяндалган талаптарды канааттандырышы керек.

12.3.2 Бургулоочу инъекциялык жер түркүктөрдү даярдоо үчүн колдонулуучу катуулатуучу аралашмалар жана эритмелер (майда дандуу бетондор) тыгыздыгы 2,03 г/см^3 кем эмес, АзНИИ конусу боюнча кыймылдуулугу 17 см кем эмес жана суунун бөлүнүшү 2%дан ашык болбошу керек. Тастыкталган лабораториялар тарабынан тандалып алынган, ЖД талаптарына ылайык келүүгө тийиш болгон башка окшош курамдарды пайдаланууга жол берилет.

12.3.3 Бургулоочу инъекциялык жер түркүктөрдүн скважинасын бетон аралашмалары менен толтуруу бургулоо устуну же түтүк-инъектор аркылуу скважинанын казмалыгынан баштап ылдыйдан өйдө карай жуугуч эритмени толук кысып чыгарып, скважинанын жалгамасында таза бетон аралашмасы пайда болгонго чейин жүргүзүлүшү керек.

12.3.4 Бургулоочу инъекциялык жер түркүктү жубастоо түтүк-кондуктордун жогорку бөлүгүнө манометри менен тампон орнотулгандан кийин, катуулатуучу эритменин инъектору аркылуу 0,2ден 0,3 МПа чейин басым алдында 2-3 мүнөт ичинде айдоо жолу менен жүзөгө ашырылышы керек.

Эритме менен толтурулган скважиналардын сөңгөктөрүнүн айланасындагы топуракты тыгыздоо (жубастоо) РИТ технологиясы (разряддык-импульстук технология) боюнча же бургулоочу инъекциялык-компенсациялык жер түркүктөрдүн технологиясы боюнча импульстук жогорку вольттуу разряддар менен да жүргүзүлүшү мүмкүн, аларда курчап турган топуракты жубастоо атайын бургулоо аспабы көтөрүлгөнгө жараша аткарылат.

12.4 Үзгүлтүксүз көңдөй шилегич менен орнотулуучу жер түркүктөр

12.4.1 Үзгүлтүксүз көңдөй шилегич (ҮКШ) менен бургулоочу шыкама жер түркүктөрүн орнотуу ҮКШнын негизин берилген долбоордук тереңдикке чейин топуракка бурап бекитүү менен жүзөгө ашырылышы керек, андан кийин анын ички көңдөйүнө басым алдында бетон аралашмасы берилиши керек. Ошол эле учурда шилегич алдыга карай жогору жылып, иштелип чыккан топуракты калактар менен көтөрүшү керек, ал эми мында пайда болгон скважинаны акырындык менен үстүнө чейин басым алдында бетон аралашмасы менен толтуруу керек, ага андан кийин арматуралык каркас чөгөрүлөт.

12.4.2 Бургулоо агрегаттары жана ҮКШ усулу боюнча жер түркүктөрдү орнотуу үчүн машиналар ЭЭМдин берилген программалары боюнча бургулоонун ылдамдыгын жана вертикалдуулугун, шилегичке билдирилүүчү толгоо моментинин чоңдугун, анын топуракка чөгөрүлүшүнүн тереңдигин, шилегичтин көңдөйүндөгү бетон аралашмасынын басымын жана скважинага салынган бетондун көлөмүн көзөмөлдөө үчүн чет эндик компьютерге чыгарылуучу контролдук-өлчөөчү аппаратурага (бир дисплей жана басып чыгаруучу түзүлүш менен) ээ болууга тийиш. Бул маалыматтардын баары компьютердин дисплейинде ыкчам чагылдырылууга, анын эсинде сакталууга жана зарыл болгон учурда басып чыгарууга берилүүгө тийиш.

12.4.3 Скважиналарды өткөрүү (бургулоо) процесси жер түркүктүн долбоордук белгисине чейин токтобостон бир циклде жүргүзүлүшү керек. Бургулоо иштерин жүргүзүүдө, шилегичтин төмөнкү учундагы бекиткич суунун жана топурактын шилегичтин ички көңдөйүнө кирбеши үчүн жабылышы керек.

12.4.4 Мурда даярдалган чектеш жер түркүктөрдүн борборлорунан алардын диаметринин үчтөн кем эмес аралыкта жайгашкан, бетондун бекемдиги долбоордук класстын 50% жете элек скважиналарды МАМСТ 18105 ылайык

вариациянын иш жүзүндөгү коэффициентин эске алуу менен бургулоого жол берилбейт. Үч диаметрден ашык аралыкта скважиналарды бургулоо чектөөсүз жүргүзүлөт.

12.4.5 Бетон аралашмасын скважинага бетон өткөргүчтөр жана бургулоочу машинанын шилегичинин ички көңдөйү аркылуу берүү шилегичти алга карай (айлантпастан) көтөрүү менен бир убакта жүргүзүлүшү керек.

12.4.6 Сууга каныккан топурактар болгон учурда бетондоо тутумундагы ашыкча басым эсептөө менен белгиленет жана 0,2 МПадан ашыгын түзүп, жер астындагы тышкы суунун басымынан 5-10% ашууга тийиш.

12.4.7 Скважинаны бетондоо процесси үстүнө чейин бетон аралашмасы менен толук толтурулганга чейин үзгүлтүксүз болушу керек. Мында шилегич айланбай акырындык менен жогору карай жылышы керек, ал эми бетондолуучу тутумда чет эндик компьютердин көрсөткүчтөрү боюнча – бетон аралашмасынын ашыкча басымы дайыма кармалып турушу керек. Басым 0,2 Мпадан кем болгон белгисине чейин төмөндөгөн учурда шилегичтин көтөрүлүшү көрсөтүлгөн басым калыбына келгенге чейин токтойт.

Э с к е р т үү – Бетон аралашмасынын көлөмүнүн иш жүзүндөгү өлчөмдөр боюнча эсептелген скважинанын көлөмүнөн четтөөсү 12%дан ашпоого тийиш.

12.4.8 Жер түркүктөрдү бетондоого арматуралык каркас кабыл алынгандан кийин жол берилет.

12.4.9 Арматуралык каркасты жер түркүктүн бетон аралашмасына чөгөрүү долбоордук белгиге чейин жүргүзүлүшү керек, андан кийин, титиретип жүктөгүчтү каркастан алып салгандан кийин, ал долбоордук абалда бекитилиши керек.

12.4.10 Арматуралык каркасты орнотуу аяктагандан кийин жер түркүктүн башын жер түркүктү мындан ары жер түркүктүк ростверктин (пайдубал) плитасы менен биргелешкен ишке киргизүү үчүн бетондун үстүнкү катмарын алып салуу менен иштетүү керек. Бул иштетүүнү жер түркүктүн бетонунун 24 сааттан ашпаган убактысында жүргүзүү сунушталат.

12.5 Бургулоочу түшүрүлмө жер түркүктөр жана сырткы жубасталынышы менен монолиттүү бургулоочу жер түтүктөр

12.5.1 Курама бетон элементтери же болот түтүктөрү же профилдер симметриялуу кесилишти түзүү үчүн скважиналардын борборуна, бетондун же эритменин жетиштүү коргоочу катмары менен орнотулат.

12.5.2 Мындай жер түркүктүн каптал бетинин тегерегиндеги шакекче мейкиндиги, эгерде бул үчүн аларды орнотууда скважинанын дубалдарын кармап туруу үчүн өзүн-өзү катуулатуучу эритме колдонулбаса, казмалыктан баштап жубасталышы керек.

12.5.3 Эгерде арматуралоо үчүн колдонулган түтүктөр бетон же эритме менен толтурулушу керек болсо, анда бул түтүктөр орнотулгандан кийин болушу керек.

12.5.4 Монолиттүү бетондон жер түркүктүн каптал бетин жана/же согончогун эритме менен жубастоо жер түркүктүн бетону кармалганда гана жүргүзүлүшү керек.

12.5.5 Жубастоо үчүн суурулуп чыкпаган инъекциялык түтүктөр колдонулат. Алардын жайгашуусу ЖДга ылайык келиши керек.

12.5.6 Согончоктун эритмеси менен жубастоону арматуралык каркастарга бекитилген болот түтүктөрдүн жардамы менен, арматуралык каркас менен бирге орнотулган жана бургулоочу жер түркүктүн негизинин таманынын бүткүл аянты боюнча айдалуучу эритменин жайылышын камсыз кылуучу ийкемдүү кабыктардын (Р тиркемесинин а) 1-с. сүрөтүн караңыз) же скважинанын казмалыгында жайгашкан тыгын шакектер менен түтүктөрдүн жардамы аркылуу жүргүзүүгө болот (Р тиркемесинин б) 1-с. сүрөтүн караңыз).

12.5.7 Жер түркүктүн каптал бетин жубастоо арматуралык каркаска, катуу арматурага же курама бетон элементине бекитилген жубастоо үчүн түтүктөрдүн жардамы менен жүргүзүлөт (Р тиркемесинин 2-с. сүрөтүн караңыз).

12.5.8 Эритмени айдап киргизүү курчап турган топурактын бузулушун болтурбоочу басым жана ылдамдык менен жүргүзүлөт.

12.5.9 Жер түркүктөрдү кошумча жубастоо аларга мурда салынган эритме катуулангандан кийин жүргүзүлүшү мүмкүн.

12.5.10 Эритмени айдап киргизүүнү жер түркүктүн каптал бетинен баштоо керек.

12.6 Көп жылдык тоңгон топурактардагы жер түркүктөр

12.6.1 Асма жер түркүктөрдү I принцип боюнча пайдаланылуучу көп жылдык тоңгон топурактарга чөгөрүү (тоңгон абалды сактоо) бургулап түшүрүү, түшүрүлүүчү жана бургулап кагылуучу ыкмалар менен жүзөгө ашырылат.

12.6.2 Жер түркүктөрдү чөгөрүүнүн бургулап түшүрүү ыкмасы жер түркүктүн узундугу боюнча көп жылдык тоңгон топурактын орточо температурасында минус 0,5 °Сде (жана андан төмөн) колдонулат; жер түркүктөр алдын ала бургуланган скважиналарга салынат, алардын диаметри жер түркүктүн туура кесилишинин эң чоң өлчөмүнөн ашат (5 см жана андан ашык); скважинанын жана жер түркүктүн дубалдарынын ортосундагы көңдөй ЖДда көрсөтүлгөн цемент-кум же башка атайын эритме менен толтурулат.

Скважиналар шаблон менен алардын ичине жер түркүктөрдү чөгөрүү мүмкүнчүлүгүнө карата текшерилип, суудан, тунма калдыктан, муздан же кардан тазаланышы керек. Скважинанын түбүндөгү суюк тунма калдыктын же суунун катмарынын калыңдыгы 15 сантиметрден ашпашы керек. Скважинанын түбүндө тоңгон же кургак тунма калдыктын, муздун же төгүлгөн топурактын болушуна жол берилбейт.

12.6.3 Жер түркүктөрдү скважинага чөгөрүүдөн мурун муздан, кардан, тоңгон топурактардан жана майлуу тактардан тазалоо керек.

12.6.4 Жер түркүктөр скважиналардын дубалдарынын бузулушун болтурбоочу мөөнөттөрдө, аларды тазалоодон жана кабыл алгандан кийин 4 сааттан кечиктирилбестен чөгөрүлүшү керек.

12.6.5 Скважина цемент-кум же башка атайын эритме менен түздөн-түз жер түркүктү чөгөрүүнүн алдында толтурулушу керек. Жер түркүк чөгөрүлгөндөн кийин, жер түркүктүн ылдыйкы учунун белгиси долбоордук белгиге ылайык келгендигин, ошондой эле жер түркүктүн планда жана вертикалдуу туура жайгашышын текшерүү керек.

12.6.6 Асма жер түркүктөрдү бургулап түшүрүү ыкмасында скважинанын жана жер түркүктүн дубалдарынын ортосундагы коңулдарды цемент-кум же башка атайын эритме менен толук толтурууну камсыз кылуучу чаралар көрүлүшү керек (жер түркүктөрдү алдын ала куюлган эритмени кысып чыгаруу ыкмасы менен чөгөрүү, эритмени титиретме менен кошумча тыгыздоо ж.б.).

12.6.7 Жер түркүктөрдү чөгөрүүнүн түшүрүү ыкмасы катуу тоңгон чопо топурактарда, майда жана чаң сымал кумдарда колдонулат, аларда 15%дан көп эмес ири сынык кошулмалар бар.

Жер түркүктөр топурактын эриши менен чөгөрүлөт, мында эрүү чөлкөмүнүн диаметри жер түркүктөрдүн туура кесилишинин чоң тарабынын эки эселенген өлчөмүнөн ашпашы керек. Жер түркүктөрдүн тоңушун тездетүү үчүн топурактарды жасалма муздатууну колдонууга жол берилет.

Темир-бетон жер түркүктөрү эриген топуракка кышында эритүү аяктагандан кийин 20 сааттан эрте эмес, жайында 12 сааттан эрте эмес чөгөрүүгө жол берилет.

12.6.8 Жер түркүктөрдү чөгөрүүнүн бургулап кагуу ыкмасын ири сынык кошулмаларсыз ийкемдүү тоңгон топурактарда колдонууга жол берилет. Жер түркүктөр диаметри 1-2 см болгон алдын ала бургуланган скважиналарга жер түркүктүн туура кесилишинин эң кичине өлчөмүнөн аз кагылып чөгөрүлөт.

Э с к е р т үү л ө р

1 Бургулап кагуу ыкмасын колдонуу мүмкүнчүлүгү инженердик-геокриологиялык изилдөөлөрдүн материалдары боюнча, ошондой эле кагуу күнүнө карата топурактын температурасын өлчөө менен жер түркүктөрдү сынамык кагуу боюнча белгиленет.

2 Тоңгондон кийин жер түркүктөрдү контролдук кагууга жол берилбейт.

3 Бургулап кагуу ыкмасы менен туташ туура кесилиши бар жер түркүктөрдү гана чөгөрүү керек. Айрым учурларда кагуу процессинде алардын бүтүндүгү сакталган шартта, контролдук жер түркүктөрдү милдеттүү түрдө алуу жана күбөлөндүрүү менен көңдөй болот жер түркүктөрүн бургулап кагуу ыкмасы менен чөгөрүүгө жол берилет.

4 Кыш мезгилинде бургулап кагуучу жер түркүктөрдү чөгөрүүнүн алдында скважинанын дубалдарындагы топурак ийкемдүү-тоңгон абалдан катуу тоңгон абалга өтүшүнө жол берилбейт.

12.6.9 Жер түркүктүк пайдубалдарга эсептик жүктөмдөрдү берүүгө топурак негиздеринин эсептик температуралык режимине жетишилгенден кийин гана жол берилет.

12.6.10 Бургулап түшүрүү ыкмасы менен II принцип боюнча (эрүү мүмкүнчүлүгү) пайдаланылган көп жылдык тоңгон топуректарга жер түркүктөрдү чөгөрүүдө скважиналардын диаметри 15 сантиметрден кем эмес жер түркүктүн туура кесилишинин эң чоң өлчөмүнөн ашышы керек. Жер түркүктүн эрүүдө дээрлик кысылбай турган топуракка минималдуу көмүлүшү ЖД менен аныкталган, бирок 0,5 метрден кем болбоого тийиш. Скважинанын дубалынын жана жер түркүктүн каптал бетинин ортосундагы жылчык анын дээрлик кысылбай турган топуракка көмүлүшүнүн чегинде ЖДга ылайык цемент, цемент-кумдуу (же башка) эритмелер менен толтурулушу керек.

12.6.11 Скважиналарды жер түркүктөрдүн алдында бургулоодо скважиналарга кошумча контроль жүргүзүлүшү керек, ал эритүүдө дээрлик кысылбай турган топуректардын жайгашуусунун долбоордук тереңдигине ылайык келген тереңдиктен кыртыштын үлгүлөрү алынат, алар маркаланат жана скважиналарды кабыл алуу актысы таризделгенге чейин сакталат. Алынган натыйжалар ЖДнын маалыматтарына ылайык келбеген учурда скважинанын долбоордук тереңдигин же жер түркүктүн төмөнкү учун эритүүдө дээрлик кысылбай турган топуракка салуу ыкмасын өзгөртүү керек (долбоордук уюм менен макулдашуу боюнча).

12.7 Ростверктер жана ростверксиз жер түркүктүк пайдубалдар

12.7.1 Ростверктерди орнотуу боюнча иштердин алдында топуракка көмүлгөн жана долбоордук деңгээлде кесилген жер түркүктөрдү, жер түркүк-кабыктарды же бургулоочу жер түркүктөрдү кабыл алуу жүргүзүлүшү керек.

12.7.2 Ачылыш туурасы 0,3 мм ашкан туурасынан кеткен жана жантайыңкы жаракалары табылган жер түркүктөр дубалдардын калыңдыгы 100 мм кем эмес темир-бетон обойма менен бекемделиши керек же дублер менен алмаштырылышы керек.

12.7.3 Жер түркүктөр кагылбаган же кагууда баштары бузулган учурда жер түркүктүн баштары жер түркүктүн кесилишинен төмөн турган бетонунун коргоочу катмарынын бузулушун болтурбаган усулдар менен кесилиши керек.

12.7.4. Ростверктер жер түркүктөргө орто-аралык стакан тибиндеги баш элементтер аркылуу таяп коюлганда баштардын жана жер түркүктөрдүн жалгашуусу аларды башына долбоордук тереңдикте, бирок 100 мм кем эмес кылып бекитүү аркылуу аткарылышы керек.

12.7.5 Ростверк жана жер түркүктүн башынын ортосунда эритме менен толтурулбаган аралыкты калтырууга жол берилбейт.

12.7.6 Жер түркүктөр сынганда жана долбоордук белгиден төмөн аргасыз чөгөрүлүп кеткен учурда, долбоордук уюм менен макулдашуу боюнча аларды монолиттүү темир бетон менен өстүрүү керек.

12.8 Жер түркүктүк пайдубалдарды кабыл алуу жана даярдоо сапатын контролдоо

12.8.1 Жер түркүктүк пайдубалдарды даярдоонун сапатын контролдоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- материалдарга талаптар;
- механизмдерге жана жабдууларга талаптар;
- жумуштарды аткаруу технологиясына талаптар;
- контролдук иштердин түрлөрүнө жана контролдонуучу параметрлерге талаптар.

12.8.2 Контролдун төмөнкү түрлөрүн айырмалоо керек:

- өткөрүү орду жана убактысы боюнча – кирүү, операциялык жана кабыл алуу;
- контролдонуучу параметрлердин көлөмү боюнча – жалпы же тандалма;
- контролдук иштерди жүргүзүү убактысы боюнча – үзгүлтүксүз же мезгил-мезгили менен;
- контролду жүргүзүү усулдары боюнча – ченөөчү, визуалдык, техникалык кароо, каттоо.

12.8.3 Кирүү контролу КР КЧ 12-02 боюнча жүзөгө ашырылат жана бул материалдардын сапаты жана мезгил-мезгили менен сыноолорду жүргүзүү жөнүндө документтердин негизинде курулуш аянтчасына түшкөн материалдардын сапатын контролдоону камтыйт (бентонит күл майданы, полимердик күл майдан же суспензия, арматура, бетон аралашмасы ж.б.). Контролдун бул түрү ошондой эле курулуш аянтчасында электр энергиясынын, суунун жана курулуш материалдарынын жетиштүү санда болушун, алардын көлөмүн жана жеткирүү

шарттамын контролдоону, жер астындагы коммуникацияларды жана инженердик тармактарды көзөмөлдөөнү камтыйт.

12.8.4 Операциялык контролдоо КР КЧ 12-02 боюнча жүзөгө ашырылат жана курулуш аянтчасында жумуш процесстеринин аткарылышын контролдоону камтыйт (траншеянын топурагын иштеп чыгуу, скважинаны бургулоо, бентонит (полимер) эритмесин даярдоо жана регенерациялоо, арматуралык каркасты жана көмөкчү ыктамдарды даярдоо жана траншеяга чөгөрүү, бетон иштерин жүргүзүү ж.б. алардын ушул курулуш эрежелеринин, технологиялык регламенттин, КУД жана ЖАД талаптарына ылайык келиши).

12.8.5 Кабыл алуу контролу КР КЧ 12-02 эске алуу менен жүзөгө ашырылат жана долбоордун жана технологиялык регламенттин талаптарына ылайык келишине кирүү жана операциялык контролду эске алуу менен айрым пайдубалдык конструкциялардын жана бүтүндөй пайдубалдын мезгилдүү жана кабыл алуу-өткөрүп берүү сыноолорун камтыйт.

12.8.6 Жер түркүктү даярдоо үчүн скважинаны бургулоо боюнча иштерди контролдоо жумуштарды жүргүзүүнүн линиялык контролдоо кызматы тарабынан жүзөгө ашырылат. Контролдоонун натыйжалары долбоордук уюмдун автордук көзөмөл жана тапшырыкчынын техникалык контролдоо кызматтарына көрсөтүлөт.

12.8.7 Жер түркүктү орнотуу үчүн скважинаны бургулоо боюнча иштерди аткаруу процессинде өндүрүүчү жер түркүктү даярдоо журналын жүргүзүүгө милдеттүү, анда бул иштерди жүргүзүүнүн бардык аспекттери чагылдырылат, ал эми жазуулар тапшырыкчынын автордук көзөмөлү жана техникалык контролу менен контролдонот.

12.8.8 Скважинаны бургулоодо курулушту жүзөгө ашыруучу жактын өкүлү тарабынан топурактарды күбөлөндүрүү жүргүзүлөт. Зарыл учурда автордук көзөмөл менен иш процессинде алынган инженердик-геологиялык шарттар боюнча долбоордук параметрлерге оңдоо киргизилет.

12.8.9 Скважинанын долбоордук тереңдиги белгиленгенден кийин, казмалыкты бургулоочу чөкмө калдыктан жана бургулоочу материалдан жана башка материалдардан грейфердин, жүктөгүч баткактык соркыскычтардын же эрлифт орнотмолорунун жардамы менен тазалоо жүргүзүлөт. Скважинаны бургулоонун жана жер түркүктү орнотуунун натыйжалары жер түркүктү даярдоо журналында чагылдырылышы керек.

12.8.10 Бентонит жана полимердик эритмелердин казмалыгын контролдоо ар бир 20 м өтүү тереңдиги боюнча эритмелерди колдонуу менен бургулоочу шыкама жер түркүктөрдү орнотуу процессинде, ошондой эле бургулоо аяктагандан кийин жана бетондоодон мурун жүргүзүлүшү керек.

12.8.11 Бентонит же полимердик эритменин сапаты долбоордук параметрлер боюнча бааланат (14-бөлүм).

12.8.12 Бентонит эритмесин даярдоодо да, ошондой эле аны траншеяда регенерациялоодо да анын сапатын контролдоо жумуштарды өндүрүүчү тарабынан мезгил-мезгили менен - эритменин сынамыктарын тандап алуу жана сыноо жолу менен нөөмөттө бир жолудан кем эмес жүзөгө ашырылышы керек.

12.8.13 Бентонит же полимер эритмесинин параметрлери журналга жазылат (I тиркеме).

12.8.14 Кирүү контролунда сапат жөнүндө документтерди, биркаларды текшерүүдөн, н профилдин мүнөздөмөлөрүн визуалдык контролдоодон тышкары курулуш аянтчасына түшкөн арматура чоюлууга, ийилүүгө жана соккулук илээшкектикке тандалма сыноодон өтүшү керек. Кирүү контролундагы арматураны сыноонун натыйжалары жана сапат жөнүндө документтерде келтирилген механикалык касиеттери жөнүндө маалыматтар менен салыштыруу арматуранын кирүү контролдоо журналына жазылат.

12.8.15 Арматуралык иштердин сапатын контролдоо арматуралык каркастарды жана торчолорду даярдоо (байлоо) жеринде жүргүзүлөт. Өзөктөрдү кайра өткөрүү узундугун, бир кесилиште кошулуучу өзөктөрдүн санын, айрым арматуралык өзөктөрдүн, арматуранын катарларынын ортосундагы аралыктардагы четтөөлөрдү, бетондун коргоочу катмарынын калыңдыгын, арматураны бириктирүүчү түйүндөрдүн керектүү санынын болушун жана арматураны түйүндөрдө бекитүүнүн ишенимдүүлүгүн, арматуранын долбоордук абалын жана бетондун коргоочу катмарынын зарыл болгон калыңдыгын камсыз кылуучу ыктамдардын (кондукторлордун, фиксаторлордун, кыпчыгычтардын ж.б.) болушун текшерүүнү жүзөгө ашырат.

12.8.16 Бетондоого даярдалган пайдубал плитасынын участогунда (иш бөлүктө) орнотулган арматураны кабыл алуу арматуралоочу түзүлүш жана калыпты орнотуу боюнча жашыруун иштерди күбөлөндүрүү актыларын тариздөө менен аяктайт, аларда жумушчу чиймелердин номерлери, долбоордон четтөөлөр көрсөтүлөт, арматуралык иштердин сапатына баа берилет жана бетондоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө корутунду келтирилет. Бул актылар ар бир конструкцияга же иш бөлүккө түзүлөт.

12.8.17 Арматуралоо түзүлүшү жана калыпты орнотуу боюнча жашыруун иштерди күбөлөндүрүү актысы жок болгон учурда пайдубал плитасын бетондоого жол берилбейт.

12.8.18 Бетон аралашмасынын ар бир партиясынын контролдонуучу параметрлеринин долбоордун талаптарына жана ыңгайлуу жайгашуучулук, бекемдик, суукка чыдамдуулук, суу өткөрбөөчүлүк жана башка көрсөткүчтөр

боюнча коштоочу документтерге ылайык келишине кирүү контролу МАМСТ 7473 жана МАМСТ 18105 боюнча жүзөгө ашырылат.

12.8.19 Бетон аралашмасынын сапатын текшерүү аны даярдаган жерлерде жана автобетон аралаштыргычтардан алынган сынам боюнча бетон соркыскычтын бункерине түшүрүлгөнгө чейин атайын жабдылган лабораториялык постто жүргүзүлөт.

Төшөөчү жерде курулуш аянтчасына жеткирилген бетон аралашмасынын ИКИ талаптарына ылайык келишин баалоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлөт:

- МАМСТ 10181 боюнча конустун чөгүүсү боюнча аралашманын кыймылдуулугу аныкталат;
- анын байланыштуулугуна-ажырабастыгына визуалдык баалоо жүзөгө ашырылат;
- бетон аралашмасынын иш жүзүндөгү тыгыздыгы аныкталат;
- аралашманын температурасын аныкталат;
- кийинки сыноолор үчүн контролдук үлгүлөр түзүлөт.

Контролдоо төмөнкү мезгилдүүлүк менен жүргүзүлүшү керек:

- ар бир даярдоочу заводдон ар бир партиядагы (12 саат бою үзгүлтүксүз чыгарылган аралашманын көлөмү) биринчи беш автобетон аралаштыргычтан тандалып алынган сынамдарда кыймылдуулук, орточо тыгыздык жана температура (зарыл болсо – тартылган абанын камтылышы) аныкталат;
- көрсөтүлгөн параметрлерди берилген деңгээлде турукташтырууда кыймылдуулукту жана температураны андан ары контролдоо ар бир онунчу автобетон аралаштыргычтан жүзөгө ашырылат.

12.8.20 Бетондоону операциялык контролдоо КР КЧжЭ 52-01 (5-бөлүм) талаптарына ылайык аткарылышы керек.

12.8.21 Бетондоо төмөнкүлөрдү камтый турган бетондук иштер журналындагы жазуулар менен коштолушу керек:

- бетондоо башталган жана аяктаган дата (конструкциялар, блоктор, участоктор боюнча);
- бетондун берилген долбоордук бекемдиги, бетон аралашмасынын жумушчу курамы жана анын кыймылдуулук (катуулук) көрсөткүчтөрү;
- курулманын айрым бөлүктөрү боюнча аткарылган бетон иштеринин көлөмү;
- МАМСТ 18105 боюнча бетондун контролдук үлгүлөрүн даярдоо датасы, алардын саны, маркалоо (бетон аралашмасы алынган пайдубал плитасынын ордун көрсөтүү менен), үлгүлөрдү сыноо мөөнөттөрү жана натыйжалары;
- бетондоо учурунда тышкы абанын температурасы;

- массивдүү конструкцияларды салууда (кышкы шарттарда), ошондой эле бетондоодо бетон аралашмасынын температурасы;

- калыптын тиби жана конструкциянын калыптан ажыратуу датасы.

12.8.22 Пайдубал плиталарын бетондоону баалоо калыпты алып салгандан кийин жүргүзүлүшү керек. Баалоо бетондолбогон чөлкөмдөрдүн, жуунгучтардын болушун визуалдык текшерүүдөн, КР КЭ 22-104 жана МАМСТ 31384 талаптарына ылайык коргоочу катмарлардын чоңдугун аныктоодон турат. Табылган кемтиктерди долбоорлоо уюму менен макулдашуу боюнча жоюу керек.

12.8.23 Коюлган милдеттерге, ЖДнын болушуна, жер түркүктөрдөгү кемтиктердин жана бузулуулардын мүнөзүнө жана даражасына жараша түз усул – кернди бургулоо жана аны сыноо жана/же кыйыр усулдардын бири менен даярдалган жер түркүктүн сапатына жалпы (толук) же тандап контролдоо аткарылышы мүмкүн. Кыйыр усулдар ультраүн, сейсмоакустикалык, радиоизотоптук же термометриялык усулдар менен алынган түз усулдардын бири жана кыйыр бекемдик мүнөздөмөлөрү менен аныкталган бетондун бекемдигинин алдын ала белгиленген градуирдик көз карандылыктарына негизделет. Жалпы (толук) контролдоо объекттеги бардык жер түркүктөр үчүн кыйыр усулдар менен туташтыкты аныктоону, объекттеги жер түркүктөрдүн кеминде 2% бетондон кернди тандоону камтыйт.

12.8.24 Эгерде жер түркүктүн сапатын жалпы контролдоону жүргүзүү процессинде жер түркүктөрдүн 20%дан кем эмеси, алардын жалпы саны 20дан ашса, канааттандырарлык абалда экендиги жана жер түркүктөрдө кемтиктер жана бузулуулар жок экендиги аныкталса, анда калган текшерилбеген жер түркүктөрдү тандап текшерүүгө жол берилет. Тандап текшерилүүчү жер түркүктөрдүн көлөмү объектте таасын аныкталууга тийиш.

12.8.25 Жер түркүктөрдүн бетон сапатын тандап контролдоо боюнча иштердин курамына төмөнкүлөр киргизилген:

- объекттеги монолиттүү бетондон жасалган жер түркүктөрдүн жалпы санынын 2%дан толук узундуктагы кернделерди бургулоо, бирок экиден кем эмес жер түркүк жана кернден жасалган бетондун үлгүлөрүн бир октуу кысуу үчүн сыноо;

- жер түркүктүн узундугун контролдоо жана кыйыр усулдарды колдонуу менен алардын сөңгөктөрүнүн туташтыгын баалоо – объекттеги жер түркүктөрдүн жалпы санынын 20%;

- кыйыр усулдар менен жер түркүктөрдүн бетонунун толук узундугуна сапатын (бир текүүлүгүн) баалоо – объекттеги жер түркүктөрдүн жалпы санынын 10%.

12.8.26 Даярдоодо технология бузулган бардык жер түркүктөр контролго алынышы керек.

Кернди бургулоодо бетондоо талаптарын бузуу менен төшөлгөн бетон катмарынын контакт болгон чөлкөмүндө (мисалы, аралашманы төшөөдө узак тыныгуулар), кадимкидей төшөлгөн, ошондой эле аска таштуу топурактагы скважинанын казмалыгы менен контакт болгон чөлкөмдө бургулоо шарттамына өзгөчө көңүл бурулушу керек. Бул чөлкөмдөрдө бургулоочу аспаптын тез чөгөрүлүшү (оюк) суу алдындагы бетондоо шарттамынын бузулушунун натыйжасында пайда болгон чөкмө калдыктын катмарынын бар экендигин күбөлөндүрөт. Бул жагдай аспаптын оюгунун белгисин жана тереңдигин көрсөтүү менен кернди бургулоо журналында белгилениши керек.

